УДК: 811.512.154
DOI: 10.35254/bhu.2021.54.12

***Г.О. Көчөрова** – Б.Осмонов атындагы*
Жалал-Абад мамлекеттик университетинин доценти, ф.и.к.
***З.Д. Долуева** – К.Карасаев атындагы*
Бишкек мамлекеттик университетинин доценти, ф.и.к.
zdolueva@bhu.kg

АДАМДАГЫ «МҮНӨЗ» ЖАНА «САПАТ» ТҮШҮНҮКТӨРҮ, АЛАРДЫН ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР АРКЫЛУУ ТУЮНТУЛУШ БӨТӨНЧӨЛҮКТӨРҮ

ПОНЯТИЯ «ХАРАКТЕР» И «КАЧЕСТВО» В ЧЕЛОВЕКЕ, ИХ СПЕЦИФИКА ВЫРАЖЕНИЯ ФРАЗЕОЛОГИЗМАМИ

THE CATEGORIES OF CHARACTER AND QUALITY OF A PERSON ARE TWO DIFFERENT PHENOMENA

***Аннотация.** Адамдардагы "мүнөз" жана "сапат" түшүнүктөрү, ички туйгулары анын кыял-жоругунан билинет. Ички сезимдер кандай болсо, ошондой жагдайга жараша сырткы маанай өзгөрөт. Эгер адамдын ички жан дүйнөсүндө кубанычтуу сезим пайда болсо, анда маанайы жарык, кабагы ачык, күлүмсүрөгөн сүйкүмдүү жүздөрүн көрө алабыз, тескерисинче, сарсанаа болуу, бир нерсеге ачуусу келүү, кыжырдануу сезимде болсо, ал да анын жүзүнөн байкалат.*

Адамдардагы "мүнөз" жана "сапат" категориялары – эки башка көрүнүш. Башкача айтканда, мүнөз – адамга гана тиешелүү болгон, анын жүрүм-турумундагы, башка адамдар менен болгон карым-катышындагы, жасаган мамилелериндеги, кыймыл-аракеттериндеги туруктуу психикалык касиеттердин жыйындысы. Кулк мүнөз – адамдын кайталангыс, жеке сапаттарынан жана ички дүйнөдөгү рухий байлыгынан көрүнөт. Макаланын мазмунун мына ушул маселелер түзөт.

***Түйүндүү сөздөр:** маанайы жарык, кабагы ачык, күлүмсүрөгөн, сүйкүмдүү жүздөрүн көрө алабыз, кыжалат болуу, бир нерсеге ачуусу келүү, кыжырдануу, кулк мүнөз, рухий байлык.*

***Аннотация.** Понятия «характер» и «качество» в человеке выражаются в его поведении. В зависимости от того какие внутренние ощущения у человека, меняется его настроение. Если у человека внутри появляются радостные ощущения, то и его настроение хорошее, и можно увидеть улыбчивое, милое лицо. Если же наоборот человек беспокоится, злится,*

раздражается, то это тоже заметно по его лицу. Категории «характер» и «качество» – это два разных явления. Иначе говоря, «характер» и «качество» - набор устойчивых психических свойств, который есть в человеке, в его поведении, в отношениях с другими людьми, в его действиях. Характер личности проявляется в уникальности человека, в индивидуальных качествах и в духовных богатствах внутреннего мира. Данные проблемы составляют содержание статьи.

Ключевые слова: *хорошее настроение, улыбчивый, милое лицо, беспокоиться, злиться на что-то, раздраженность, характер, духовное богатство.*

Annotation of the article: *The concepts of character and quality in person, their expression in phraseology. Ideas about the character and qualities of a person are reflected in his actions. The mood changes depending in their inner feelings. We see a happy smile and good mood if there is joy in a person's soul, and if a person has a gloomy face, disappointment, anger, irritability can be seen on his face.*

In other words, character is a set of permanent psychological qualities that belong to a person only, in his behavior, in his relations with other people, in his actions. Character is an expression of a person's unique personal qualities and spiritual sense. The content of the article is devoted to these issues.

Key words: *good mood, smile, we can see charming faces, anxiety, irritability, temperament, spiritual wealth.*

Психологиялык жана философиялык аспектиден алганда, адамдагы мүнөз жана сапат категориялары – эки башка көрүнүш. Тактап айтканда, мүнөз – адамга гана тиешелүү болгон, анын жүрүм-турумундагы, башка адамдар менен болгон карым-катышындагы, жасаган мамилелериндеги, кыймыл-аракеттериндеги туруктуу психикалык касиеттердин жыйындысы. Мүнөз – адамдын кайталангыс, жеке сапаттарынан жана ички рухий байлыгынан көрүнөт.

Адамдардын психологиясы жөнүндөгү эмгектерде [1. 95] мүнөздүн индивидуалдуулугу менен бирге бардык адамзатка тиешелүү болгон жалпылыгы да бар экендиги аныкталып, жалпыга тиешелүү мүнөздүн белгилери катары моралдык жактан принциптүүлүк, ак ниеттик, максатка умтулуучулук, тескерисинче, принципсиздик, кара ниеттик, шалаакылык; эмгекке болгон мамиледеги эмгекчилдик, иштин көзүн таба билгендик, тескерисинче, жалкоолук, иштин көзүн таба билбегендик; коомдун мүчөлөрүнө жасаган карым-катышындагы ачык-айрымдык, боорукердик, тескерисинче, түнттүк, таш боордук сапаттарды эсептешет. Ал эми индивидуалдык мүнөздөрдү физиологиялык, психологиялык, темпераменттик касиеттердин өзгөчөлүктөрү менен (меланхолик, сангвиник, флегматик, холерик) байланыштырат [2. 124].

Сапат түшүнүгү – бардык нерселерге (жандуу да, жансыз да) таандык категория, ал эми мүнөз – жалаң гана адам баласына тиешелүү кубулуш, бирок сапат менен мүнөз – бирин-бири шарттап турган кубулуштар, башкача айтканда, адамдын түрдүү сапаттары аркылуу мүнөз аныкталат.

Адамдагы мына ушул биологиялык, физиологиялык, психологиялык жана философиялык категорияларды (мүнөз жана сапатты) адамдын аң-сезимине чагылдырууда бардык тил бирдиктери катышат жана алар лексика-семантикалык, лексика-грамматикалык, стилистикалык табиятына ылайык, стилистикалык жана эмоционалдык-экспрессивдүү боёктуулугуна жараша сапат жана мүнөздү ар түрдүү деңгээлде ачып көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы, сүйлөөдө дефектиси (кемчилдиги) бар адамдын (сакоо, кекеч ж.б. сапаттардын) айрым тыбыштарды айта албашын, дене түзүлүшүндөгү өзгөчөлүгүн (алибеттүүлүгү, кичинекейлиги, бир мүчөсүнүн кемдиги, же тескерисинче, бир мүчөсүнүн артыкбаштыгы), акыл-эсинин бөтөнчөлүгүн да анын сапатын көрсөтүүчү көрсөткүч катары баалоого болот. Тилдик каражаттардын ичинен лексикалык бирдиктер башка тил бирдиктерине салыштырмалуу адамдын сапат жана мүнөзүн туюнтуу касиети абдан күчтүү өнүккөндүгү менен айырмаланат. Анткени лексемалар нерсени, белгини, санды, кыймыл-аракетти атагандыгы жана алардын лексика-семантикасынын түрдүү (түз, өтмө, синонимиялык, антонимиялык, омонимиялык, метафоралануу ж.б.) маанилерде келиши сөздөрдүн мындай касиетке ээ болушун шарттап турат. Мисалы, *жылдыздуу асман, жылдыздуу бала* деген сөз айкаштарында бир эле «*жылдыз*» сөзүнүн түз жана өтмө мааниде колдонулушу менен ар түрдүү түшүнүктөр келип чыкты. Өтмө мааниде туюндурулган тил бирдиктеринин айкашы *(жылдыздуу бала)* аркылуу баланын сырткы көрүнүшү – жагымдуулугу,

жакшынакайлыгы сыпатталса, түз маанидеги сөз менен болгон конструкцияда (*жылдыздуу асман*) түнкү асмандын белгиси жайынча гана баяндалды. Ал эми *ачык кол (берешен), көк бет (айтканынан кайтпаган), мурдун балта кеспеген (кенебеген), көй кашка (баатыр), таш боор (ырайымсыз), битин сыгып канын жалаган (зыкым), куурай башын сындырбаган (жалкоо), атка жеңил тайга чак (элпек), иш дегенде ичкен ашын жерге койгон (эмгекчил), төбөсү менен жер казуу (мээнеткеч), оту менен кирип, күлү менен чыгуу (бирөөнүн кол алдында көз каранды болуп иштеген)* сыяктуу фразеологизмдер көркөм текстте өзгөчө стилистикалык функцияны аркалап, адамдын ар түрдүү мүнөзүн, сапаттарын ары көркөм, ары образдуу чагылдырып, окурманга таасир эте алат. Албетте, бул сыяктуу туруктуу сөз айкаштары кыргыз адабий тилинде көп учурайт жана алар функционалдык стилдердин айрым түрлөрүндө максатка ылайык кеңири колдонулат. Семантикасы боюнча лексикалык бирдиктерге окшоп, фразеологизмдердин да антонимиялык, синонимиялык маанилери болот. Мындан сырткары фразеологизмдер башка тилдик бирдиктерге караганда адамдын кулк-мүнөзүн жана сапаттарын аң-сезимге образдуу, так, көркөм чагылдыра алгандыгы менен да айырмаланат. Ырас, адамдын мүнөзүн, сапатын туюнткан фразеологизмдер туюндурган маанилери, колдонулуш өзгөчөлүктөрү боюнча башка фразеологизмдердей эле турмуш-тиричиликте сүйлөө стилинде, көркөм стилде, публицистикалык стилдин айрым жанрларында (очерк, фельетон ж.б.) өнүмдүү колдонулат (ал эми илимий стилде, иш стилинде фразеологизмдер аз жана бейтарап мааниде гана колдонулат):

1. *Карачы,* ***көзүнөн от жанып*** *турат* (турмуш-тиричиликте сүйлөө стилинде).

2. ***Ит жандуу*** *окшойм, ушундай азаптуу күндө чыкпай аткан жандын бектигин айт (К. Осмоналиев) (Көркөм стилден).*

3. *Мал багуу жагынан* ***даңазасы таш жарган*** *Т.Акматов баш болуп, жаш чабаныбыз Куттубектин артыкчылыгы – жаңылыктарды кабыл алуусунда. («Советтик Кыргызстан» газетасынан).* Демек, бул мисалдардан ачык көрүнүп тургандай, фразеологиялык айкалыштар адамдагы сапаттар аркылуу анын мүнөзүн аныктоодо, аларды жеткиликтүү, элестүү, көркөм жана таасирдүү туюндурууда тилдик каражаттардын эң ыңгайлуусу болуп саналат.

Адамдын эмгекке карата мамилесине, башка адамдарга карым-катнаш түзө билүү жөндөмүнө, илим-билимине, турмуштук тажрыйбасына, моралдык, психикалык жактан өнүгүүсүнө жараша анда ар түрдүү сапаттар, белгилүү бир мүнөз калыптанат. Жогорудагы жагдайлар адамдын оң жана терс кыял-жоруктарын, мүнөзүн шарттап турат. Ал эми фразеологизмдер адамга таандык оң жана терс кыял-жоруктарды, мүнөздөрдү, сапаттарды төмөндөгүдөй ар түрдүүчө чагылдырат:

Оң сапаттарды туюнткан фразеологизмдер:

Акыл-эстүүлүккө байланыштуу: *Жөн билги, сыр билги, көкүрөгү тунук, көзү ачык, ак көрпө жайыл, кашың серпиле электе ичиңди аңтара билген, дүнүйөнүн түбүн билген, жыландын кепшегенин билген, өлөр күнүнөн башканын баарын билген, сакадай бою сары алтын, куйма кулак ж.б.;*

Абийирдүүлүккө, ыймандуулукка байланыштуу: *Ала жипти аттабаган, бетинде кызылы бар, астынан кыя өтпөгөн, сүттөн ак, түсү ийги ж.б.;*

Эмгекчилдикке, мээнеткечтикке байланыштуу: *Жанын таштап жиберген, кара жанын карч урган, бел чечпеген, жаны жай албаган, камырдан кыл сууругандай, эт бетинен кетүү, жанын үрөгөн ж.б.*;

Чыйрак, бышык, чыдамкайлык сапаттарга байланыштуу: *Камчыга саптык, бычакка саптык, көзү тирүү, тарамыштай тырышкан, тегирменден бүкүлү чыккан, ит жандуу, колдон суурулган, жемин жедирбеген, биттин ичегесине кан куйган, эти тирүү, жүнү тирүү ж.б.;*

Жоомарттык, марттык, боорукердик сапаттарга байланыштуу: *Жайыл дасторкон, ак көңүл, жүрөгүндө кара жок, жылаңач баатыр, көңүлүндө кири жок, ичинде кири жок, ичи-койну ачык, колу ачык, кең көкүрөк, жайык төш, ичине кир сактабаган, чил боор, ак көрпө жайыл ж.б.*

Жоош-момун сапаттарга байланыштуу: *Чөптөн башкага зыяны жок, кой оозунан чөп албаган, кудай момун, тили жок ж.б.;*

Токтоо, туруктуу, сабырдуулукка байланыштуу: *Бирөөгө колун ачпаган, оозу бек, оозунан жел чыкпаган, салкын кандуу, кабагым-кашым дебеген, жабылуу кара инген, мүнөзү оор ж.б.;*

Калыстыкка, адилеттикке, чынчылдыкка байланыштуу: *Кара кылды как жарган, бетке чабар, жөн билги, кара ташты как жарган, көзүнө карабоо, көй кашка, сүттөн ак, тил билги ж.б.;*

Өткүрлүккө, эр жүрөктүккө, өжөрдүккө байланыштуу: *Көк жал, жүрөгүндө оту бар, жүрөгү тоо, жолборс жүрөк, таш жүрөк, жонунда жалы бар, жүрөгү экөө, таш билек, жүрөгүндө жалы бар, төшү түктүү, жан кечти ж.б.;*

Сылыктыкка, элпектикке байланыштуу: *Ийиктей имерилген, камчы салдырбаган, таманы жерге тийбеген, кол ийиктей, көңүл оорутпаган, атка жеңил, тайга чак ж.б.;*

Сезимталдыкка, сактыкка, зиректикке байланыштуу: *Бөрүнүн көзүн жеген, куш уйку, чырым этип уйку албаган, чычканга кебек алдырбаган ж.б.;*

Сөзмөрлүккө, чечендикке, шайырдыкка байланыштуу: *Жез таңдай, боорду эзген, бал тилдүү, кара жаак, топ жарган, оозуна шайтан түкүргөн, жөө чечен, жер чечегин безеген ж.б.;*

Чеберчиликке, өнөрдүүлүккө байланыштуу: *Колунан көөрү төгүлгөн, жез оймок, бармагынан бал тамган, бармагы менен зер чапкан ж.б.*

Терс сапаттарды билдирүүчү фразеологизмдер:

Аңкоолукка, кем акылдуулукка байланыштуу: *Көк мээ, мурдунан жетелетип алган, кирди чыкты эси бар, ала көөдөн, акма кулак, аңды-дөңдү карабаган, суу куйду, мээси бөксө, оозуң кайсы десе, мурдун көрсөткөн, каңгы баш, бир кайнамы ичинде, «а» десе, «б» деген, эшектин мээсин жеген, төө десе, бээ деген ж.б.;*

Адепсиздикке, арам ойлуулукка байланыштуу: *Оозунан ак ит кирип, кара ит чыккан, суук тумшук, ээн баш, бети бозорбогон, бети кара, оозуна келгенди оттогон, жүзү кара, дини кара, пейли бузук, ичине кара тарту айланбаган ж.б.;*

Жалкоолукка, жалакайлыкка, арамзалыкка байланыштуу: *Аш кеби, ак кол, иттен көлөкө талашкан, эшек такалоо, аяк бошотоор, арам тамак, ак кол, ак каптал, жатып ичер, жан бакты, алма быш, оозума түш, ашка жүк, башка жүк, жаны аялуу, куурай башын сындырбаган, тирүүнүн өлүгү, май жукпас ж.б.;*

Бошоңдукка, кайратсыздыкка байланыштуу: *Бүлөсө (кайраса) май кеспеген, жер карама, жиңкини куруган, жүрөгүндө оту жок, мурдун тарта албаган, сөөгү бош, жүүнү бош, чалма этек, бычакка сап болбогон, камчы сапка ылайык эмес ж.б.;*

Зыкымдыкка, сараңдыкка байланыштуу: *Битин сыгып, канын жалаган, кесип алсаң, кан чыкпаган, ичи тар, сыгып алса, кан чыкпаган, ач көз, катуу баш, итине бок бербеген, кыл жылдырбаган, оозун куу чөп менен аарчыган, түк бүткөн сайын калтыраган, беш колун оозуна салган, өзү тойсо да, көзү тойбогон ж.б.;*

Митайымдыкка, куулукка байланыштуу: *Эки жүздүү, куу каптал, түлкүнүн куйругу, жез кемпир, алчы-таасын жеген, изин таптырбаган, куйругу жок, куйругун карматпаган, суудан кургак чыккан, чаң жукпас, ак койдон аңкоо, боз койдон жоош, биринин тебетейин бирине кийгизген ж.б.;*

Кайдыгерликке, кыйыктыкка, жеңил мүнөздүүлүккө байланыштуу: *Тоң моюн, кежигеси кесилген, жылкы мүнөз, тил азар, кер аяк, кеп жебеген, көк мелтей, көк чычканы бар, кабыргасын бит жебес, чымын чаккандай көрбөө, мурдун балта кеспейт, бети калың, ат үстүнөн мамиле кылган, көк бет ж.б.;*

Оройлукка, залимдикке, зөөкүрлүккө байланыштуу: *Ит кыял, көзүнөн заары чыккан, каны ичине тарткан, баш кесер, мурду менен бир тийүү, каны кайнаган, териси тар, бөрк ал десе, баш алган ж.б.;*

Коркоктукка, кайратсыздыкка байланыштуу: *Суу жүрөк, кулагынан үрккөн, көлөкөсүнөн корккон, жаны жок, куйругун кыпчыган, коён жүрөк, арбагы учуу ж.б.;*

Кошоматчылыкка, чагымчылыкка, алдамчылыкка, туруксуздукка байланыштуу: *Көзүнүн агы менен кошо айлануу, куюшканга кыпчылуу, күн карама, союлун чабышуу, таманын жалоо, чачпагын көтөрүү, этегине намаз окуу, кошоматка кой сойгон, камчысын чапкан, колтугуна кирүү, калптын казанын көтөргөн, ичи-койнуна кирүү, узун кулак, котур ташы койнунда, жан кечти, көзүн боёо, атын саткан, ыйманга камчы чабуу, колтугуна суу бүркүү, эки иттин куйругун түйүштүргөн, жанын жеген, ыманы жок, күлү додо болбогон, жел таман ж.б.*

(*Эскертүү:* алды сызылган фразеологизмдер контекстке ылайык көп мааниге ээ болгон учурлар аз эмес. Мисалы, *ичи-койнуна кирүү* фразеологизми кайсы бир контекстке ылайык сылыктыкты, адамгерчиликти билдирсе, экинчи бир контекстте кошоматчылыкты же шылуундукту билдирет).

Фразеологизмдердин ичинен адамдын мүнөз жана сапаттарын көрсөткөн фразеологиялык айкалыштарды лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү боюнча тематикалык топторго бөлүштүрүү, ал «фразеологизмдердин компоненттери нин ар биринин семантикасына, структурасына анализ жүргүзүү анын маанисинин терең ачылышына шарт түзөт» [3. 33]. Алсак, токтоо, сабырдуу сапатты туюндурган «*салкын кандуу*» деген фразеологизм «*салкын*» жана «*кандуу*» деген эки компоненттен турат да, өтмө маанидe адамдын токтоо, сабырдуу мүнөзүн туюндурат. Мисалы, *Нуркасым алибеттүү, **салкын кандуу** жигит (Т.Сыдыкбеков)*. Сүйлөмдөгү фразеологиялык айкалыш Нуркасымдын өзгөчө сапатын, токтоолугун, оор-басырык мүнөзүн образдуу чагылдырды.

Адамдагы токтоолук, сабырдуулук же тескерисинче, жеңилдик, жеңил ойлуулук сапаттар анын канынын айлануусуна кайсы бир деңгээлде көз карандыдай сезилет. Физиканын мыйзамына таянып, башкача айтканда, «температура канчалык көтөрүлгөн сайын атомдордун майда (нейтрон, протон, электрон) бөлүкчөлөрү тез кыймылга өтөт» [4. 78]. Бул оюбузду тагыраак түшүндүрүү үчүн дагы бир мисалга кайрылалы. ***Каны кайнаган*** *Бекназар кылычын кынынан сууруп алып, Тултемирди көздөй басып: - Ата-ганаңдын! Хандын тагасы эмес агасы болсо да, өлтүргүм келсе, өзүм өлтүрөт болчумун Домбуну, - деп кылычын эки шилтеп, Тултемирдин далбактаган эки өңүрүн түшүрө чаап жиберди (Т.К.,382).* Мисалга алынган эки сүйлөмдүн тутумундагы квази-антонимдик маанидеги фразеологизм дердин карама-каршы мааниге ээ болушуна *кайнаган* жана

салкын (муздак) компоненттери себеп болду. Экинчиден, адамдагы *токтоолук* жана *жеңилдик* сапаттар адамдын кыймыл-аракетинен, сүйлөгөн сөзүнөн көрүнөт. Мындай багытта алып караганда, өтө сабырдуу, бардык ишти жети өлчөп, бир кескен Бекназар ошо кырдаалга ылайык Кулкишинин абалын көрүп туруп, чечкиндүү аракетке келди. Ал эми ушул жагдайды жазуучу *каны кайнаган* деген фразеологиялык айкалышы менен *ачууланууу, туталануу* сыяктуу кошумча мааниде, стилдик боёкту күчөтүп, образдуу туюндурду. Демек, адам мүнөзүн сыпаттоодо, анын оң же терс сапаттарын кылдат туюндурууда фразеологизм дин тутумундагы компоненттердин мааниси, структурасы чоң мааниге ээ болот. Тактап айтканда, көпчүлүк учурда фразеологизмдин курамындагы таяныч сөздүн мааниси ал туруктуу сөз айкалыштын маанисинин күчтүү чыгышында негизги ролду ойнойт. Маселен, жогорудагы *«салкын кандуу»* деген фразеологизмде *«салкын»* деген сөз негизги, таяныч сөз болуп саналат. Бул фразеологизмдин образдуу, көркөм жана таасирдүү болушуна дал ошол *«салкын»* деген таяныч сөздүн кошкон үлүшү чоң.

Фразеологизмдер ушул сыяктуу тилдик, стилдик табиятына байланыштуу турмуш-тиричиликте сүйлөө стилинде, көркөм стилде, публицистикалык стилдин айрым жанрларында каармандын оң жана терс сапаттарын таасирдүү, элестүү берүү максатында арбын колдонулат. Натыйжада, айтылуучу ой, сүрөттөлгөн объект, баяндалган окуя, кубулуш, көрүнүш окурмандын эстетикалык табитин канааттандырып, эмоциясына күчтүү таасир этип, жазуучунун алдына койгон максаты ийгиликтүү ишке ашат. Ошондуктан чоң сүрөткерлер чыгармачылыгында фразеологизмдердин мындай мүмкүнчүлүктөрүн абдан натыйжалуу колдоно алышат.

Ар кайсы көркөм чыгармада сүрөттөлгөн каармандардын мүнөз, сапат, касиеттери бирдей болбогондуктан, алардын образын бири-биринен кескин айырмалоо, же бири-бирине жакындатып сүрөттөө максатында тилдик (вербалдык) жана тилдик эмес (вербалдык эмес) факторлордун коштоосунда, фонунда, аталган факторлордун гармониясында фразеологизмдер колдонулат.

Тилдик фактор катары фразеологизмдер башка тилдик бирдиктерге салыштырмалуу көркөм стилдеги текстте сүрөттөлүүчү турмуш чындыгында гы эмоционалдуу жана экспрессивдүү информацияны туюндурууга өтө ыңгайлуу келет.

Фразеологизмдердин айрымдары полисемиялуу касиетке ээ болгондук тан, бир эле фразеологизм аркылуу контексттеги жагдайга жараша ар кандай мүнөзгө ээ болгон каармандардын образдарын ачып берүүгө болот. Ошондуктан таланттуу сүрөткерлер чыгармачылыгында аларды абдан кылдат колдонуп, өнүмдүү иштей алышат.

Адабияттар

1. *Горе М.С. Фразеологические единицы русского языка характеризующие человека. Автореф. кан. филолог. наук. –Ростов-на-Дону, 1988. -21 с.*
2. *Жамшитова Г. Глагольные фразеологизмы кыргызского и русского языков и их лексикографическое описание. Автореф. канд. филол. наук. Б., 2000. -23 б.*
3. *Жамшитова Г. Кыргызча-орусча, орусча-кыргызча тематикалык фразеологиялык сөздүк. - Б.: Шам, 2000. -380 б.*
4. *Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. - Б.: Кыргызстан-Сорос фонду, 1996. -232 б.*
5. *Жалилов А. Азыркы кыргыз тили [Текст]: жогорку окуу жайлардын педагогика фак. студенттери үчүн / А.Жалилов. - Ош, 2010. - 1 бөлүк. -292 б.*
6. *Ибрагимов С. Тил илиминин негиздери. Жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралы. - Ф.: Раритет Инфо, 2000. -202 б.*

Рецензент: д. ф. н. Р. Эгембердиев